# КОЛЧИВЕЙТ

## ДАРЫ КАРАЖАТЫНЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы**
Колчивейт
**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Колхицин
**Дарынын түрү**
Ичүү үчүн таблеткалар
**Курамы: ар бир т**аблетка төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Активдүү зат:*
Колхицин BP 0,5 мг;
*Көмөкчү заттар:* лактоза, жүгөрү крахмалы, жүгөрү крахмалы (паста түрүндө), метилгидроксибензоат, пропилгидроксибензоат, повидон, суусуз коллоиддүү кремний диоксиди, гидрогенизацияланган кастор майы (порошок), натрий крахмалгликоляты, сары сансет (Supra) боёгучу, тазартылган суу.
**Сүреттөмөсү**
Тегерек, жалпак, бир тарабында бөлүүчү сызыгы бар кызгылт сары түстөгү таблеткалар.
**Фармадарылык тобу**
Сөөк-булчуң системасы. Подаграга каршы препараттар. Заара кислотасынын зат алмашуусуна таасир бербеген препараттар. Колхицин.
**АТХ коду:** M04AC01.
**Фармакологиялык таасири**
*Фармакодинамикасы:*
Колхициндин аллергияга каршы таасири сезгенүү очогуна лейкоциттердин миграциясынын төмөндөшү жана заара кислотасынын тузунун микрокристаллдарынын фагоцитозун басуу менен байланышкан. Ошондой эле микозго каршы таасирге ээ, анафаза жана метафаза баскычында клеткалык бөлүнүүнү (толук же жарым жартылай) басат, нейтрофилдердин дегрануляциясын алдын алат. Амилоиддик фибриллдердин пайда болуусун төмөндөтүү менен амилоидоздун өрчүүсүнө тоскоолдук кылат.
Үй-бүлөлүк жер ортолук деңиз калтыратмасы бар оорулууларда курч чабуулдарын алдын алат (дофамин-бета-гидроксилазанын активдүүлүгүн төмөндөтөт).
Биринчи AL-амилоидозу бар оорулууларда өмүрүнүн узактыгын узартат. Системалуу теринин катууланышында териге оң таасир (жумшартуу, кургактыкты азайтуу) көрсөтөт. Бехчет синдромунун жеңил формасында, биринчи билиардык цирроздо натыйжалуу. Энөө склерозунда неврологиялык бузулуулардын күчөөсүн жайлатат.
*Фармакокинетикасы:*
Колхицин АИЖ тез жана интенсивдүү сиңирилет. Кан плазмасындагы орточо Cmax 4,2 нг/мл түзөт жана 1 мг дозасын ичкенден болжолдуу 70 мин кийин жетет. T1/2 9,3 саатты түзөт. Колхицин ткандарга тез кирет, 473 л бөлүштүрүү жогору көлөмүнө ээ. Колхициндин жогору концентрациялары боордо, бөйрөктөрдө, көк боордо, лейкоциттерде жана АИЖда байкалат. Колхицин боордо зат алмашат жана негизинен өт менен бөлүнүп чыгат. Энтерогепатиялык айлануусу ичкенден 4 сааттан кийин байкалат. Куюлган дозанын эң көп бөлүгү ичеги жана 23%га жакыны - бөйрөктөр аркылуу бөлүнүп чыгат.
**Колдонууга көрсөтмө**
• подагра (приступтарды токтотуу жана алдын алуу);
• хондрокальциноз;
• теринин катууланышы;
• амилоидоз;
• үй-бүлөлүк жер ортолук деңиз калтыратмасы.
**Каршы көрсөтмө**
• препараттын курамына өтө сезгичтик;
• кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгили;
• боор алсыздыгы;
• бөйрөк алсыздыгы;
• чучук затында кан клеткаларынын пайда болуусун айкын басуу;
*Улгайган курактагы,* кахексиясы бар; АИЖ функциясынын оор бузулуулары бар; жүрөк-кан тамыр системасынын оор бузулуулары бар оорулууларга *этияттык менен* дайындоо керек.
**Колдонуу жолу жана дозалары**
Ичип. Таблеткалар бүтүн бойдон, чайнабастан, жетиштүү өлчөмдөгү суюктук менен жутуп кабыл алынат.
*Подаграны курч приступунда башында 2 таблеткадан (*1 мг препарат), андан кийин ооруу азайганга чейин ар бир 1-2 саатта 0,5-1,5 мг (1-3 таблетка) кабыл алынат. Күн ичинде кабыл алынган препараттын жалпы дозасы 8 мг.дан ашпашы керек. Подаграны курч приступун дарылоо схемасы боюнча кайталап дайындоо 3 күндөн эрте эмес жүргүзүлүшү мүмкүн.
*Урикозурикалык каражаттар менен дарылоонун биринчи бир нече айында подаграны курч приступтарын алдын алуу* үчүн күн сайын 0,5-1,5 мг.дан (1-3 таблетка) же күн алыс (эреже катары) 3 ай бою кабыл алынат.
**Кыйыр таасирлери**
*Тамак сиңирүү системасы тарабынан:* окшуу, кусуу, ичтин оорушу, ич өтүү.
*Заара бөлүп чыгаруу системасы тарабынан:* бөйрөк функциясынын бузулуусу.
*Кан жаратуу органдары тарабынан:* лейкопения; узакка колдонууда - агранулоцитоз.
*Дерматологиялык реакциялар:* узакка колдонууда – жаргак баш.
**Ашыкча доза**
*Симптомдору:* эрте белгилерине (жуткандан кийин сутка ичинде), ачышуу сезими жана ооздогу жана тамактагы ыңгайсыздык, жутуудагы кыйынчылыктар, окшуу, кусуу, ичтин оорушу жана ич өтүү кирет.
*Дарылоо:* жалпы оору белгилерине жараша жана колдоочу дарылоо, анын ичинде жашоо үчүн маанилүү функцияларды, ЭКГ, гематологиялык жана биохимиялык көрсөткүчтөрдү мониторингдөө.
**Башка дары препараттары менен өз ара таасири**
Өзгөчө бөйрөк функциясынын бузулуусу бар бейтаптарда циклоспорин менен айкалышта миопатиянын өрчүү ыктымалдуулугу жогорулайт. Колхицинди аллопуринол жана урикозурикалык дары каражаттары менен айклышта колдонууга болот. Басаңдатуучу жана симпатомиметикалык дары каражаттарынын таасирин күчөтөт. Цианокобаламиндин сиңүүсүн бузат. ССКК жана миелодепрессияны пайда кылуучу башка дары каражаттары лейкопениянын жана тромбоцитопениянын өрчүү коркунучун жогорулатат.
Подаграга каршы активдүүлүктү цитостатиктер төмөндөтөт (заара кислотасынын концентрациясын көбөйтөт) жана зааранны кычкылдандыруучу дары каражаттары, шакардануунну – күчөтөт.
**Өзгөчө көрсөтмө**
Дарылоону тыкыр гемотологиялык жана клиникалык көзөмөл алдында жүргүзүү зарыл.
АИЖ тарабынан айкын кыйыр таасирлери пайда болушунда дозаны азайтуу же препаратты токтотуу керек.
Лейкоциттердин саны 3000/мкл төмөн жана тромбоциттердин 100000/мкл төмөн төмөндөшүндө кандын көрсөткүчтөрү калыбына келгенге чейин кабыл алуу токтотулат.
*Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгили*:
Кош бойлуу жана бала эмизүү мезгилинде каршы көрсөтүлөт.

*Автоунааны айдоо жана механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасири*:
Таасир бербейт.
**Чыгаруу формасы**
Ар бир ПВХ блистерде 50 таблетка.
Бир блистер медицинада колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон кутуда.
**Сактоо шарты**
Кургак, жарык тийбеген жерде, 25°C дан жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.
**Жарактуулук мөөнөтү**
3 жыл.
Жарактуулук мөөнөтү бүткөндөн кийин колдонууга болбойт.
**Берүү шарты**
Дарыгердин рецепти боюнча.

SPEY

**Соода маркасынын жана каттоо күбөлүгүнүн ээси**
SPEY MEDICAL,
Лондон Улуу Британия
Lynton House, 7-12 Tavistock Square,
London, WC1H 9LT, UK (Улуу Британия)

**Өндүрүүчү**
BRAWN LABORATORIES LIMITED
13, NIT, Industrial Area,
Faridabad, Haryana, India

**Кыргыз Республикасынын аймагында керектөөчүлөрдөн продукциянын (товардын) сапаты боюнча арыз дооматтарды кабыл алуучу уюмдун дареги:**
«Аман Фарм» ЖЧК,
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Тыныстанов коч., 4а-үй, 11-батир, E-mail:aman.pharm 12@gmail.com